| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br>АЛТЫН-АРАШАН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЛТЫН-АРАШАНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**I-чакырылышынын кезектеги 1-сессиясы**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жылдын** 29 ноябрь **№** 5 **Октябрь а**

**Алтын-Арашан айыл аймагында жайгашкан мамлекеттик менчиктеги айыл чарба категориясынын сугат айдоо түрүндөгү жалпы аянты 37,79 га, жер тилкелерин өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жерлери жана башка жерлер категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө**

Алтын-Арашан жергиликтүү кеңеш, Алтын-Арашан айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Э. Кулетов, "Каракол" эл аралык аэропортунун учуп конуу тилкесин кенейтүү максатында, Ак-Суу районунун Алтын-Арашан айыл аймагында жайгашкан, мамлекеттик менчиктеги айыл чарба категориясындагы №57,61,64,72,63,75,76,83- контурлардан жалпы аянты 37,79 га сугат айдоо жер тилкелерин,"Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуунун жерлери жана башка жерлер" категориясына которууга даярдалган материалдарды карап жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жер Кодексинин" 18-беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" Убактылуу Жобонун 16 пунктуна ылайык, жогоруда көрсөтүлгөн жер аянтын айыл чарба категориясынан, "Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуунун жерлери жана башка жерлер" категориясына өзгөртүп берүү боюнча ооз эки кайрылуусун карап, таанышып чыгып Алтын-Арашан жергиликтүү кенеши **токтом кылат :**

1.Алтын-Арашан айыл аймагынын Октябрь айылында жайгашкан мамлекеттик менчиктеги айыл чарба категориясындагы №57-контурдан 5,32

га, №61- контурдан -11,1 га, №64-контурдан 4,12 га, №62-контурдан 0,28 га, №72-контурдан 7,0 га, №63-контурдан 0,81 га, №75-контурдан 0,94 га, №76-контурдан 1,85 га, №83-контурдан 6,37 га, жалпы 37,79 га сугат айдоо жер тилкелерин "Каракол" эл аралык аэропортунун учуп конуу тилкесин кенейтүү максатында "Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуунун жерлери жана башка жерлер" категориясына которууга макулдук берет.

2. Токтом ММКга басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

3. Алтын-Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Кулетовго иш кагаздарын бүтүрү жагы милдеттендирилсин

4.Бул токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы Алтын-Арашан жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Осмоналиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Р Токомбаев**

Жиберилди: Иш-кагазына-1,Алтын-Арашан а/ө-1, Юстицияга-2.